**РАХМАНОВА А.Р.**
lib.knu@mail.ru

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ДААНЫШМАНДЫК ОЙ-ТОЛГООЛОР

Ч.Айтматовдун чыгармаларында даанышманчылыктын даана тамырлары өнүктүрүлгөн. Себеби кыргыз эли көчмөндүк цивилизациянын таасиринде көп кылымдар бою кала берген. Бизге белгилүү азыркы жашап жаткан эл өздөрүнүн турмушун көчмөндүк цивилизациядан баштагандыгы белгилүү. Көчмөндүк цивилизациянын өзүнө ылайыкташкан рухий маданий дүйнөсү эң көрүнүктүү чыгармачылыктын сүртүмдөрүн кыргыз эли сактап калган. Алсак Манас баштаган эл эпостордун түрлөрүн, жомок, макал-лакаптардын, ансамблдери ушул күнгө чейин тарыхта сактап кала берди. Ошол маданий Рух тамырларды совет бийлиги өчүрбөстөн андан ары өнүктүрдү. Ошол тарыхый чындыкты уланткан жазуучулардын бири Ч.Айтматов болду. Кыргыз элинин ичинен даанышман акындар бардык турмуш тиричиликти ичине камтыган чыгармаларды ичине камтыган. Келечекти сезе билишкен көзү ачыктык, алдын ала айта билген адамдарды даанышман деп, бүгүнкү түшүнүк менен айтканда акылмандыкты сүйүү дегенди же болбосо философия деген түшүнүктү колдонсо мүмкүн. Ошолордун даанышмандык өнөрүн жаңы доордо Чыңгыз Айтматов салтка айландырып алганын ар бир мыкты чыгармалардан учурата алабыз. Жеке эле кыргыз элине даанышмандык таандык болбостон бүткүл чыгыш элине таандык касиеттердин бири болгонун тарых тастыктап отурат. Философия акылмандуулукту сүйүү окуусу катарында биринчи жолу чыгыш элдеринде пайда болгон. Ушундай тарыхый өбөлгөнүн болушу советтик адабияттын өнүгүшүнүн мезгилинде Чыңгыздай дүйнөлүк адабияттын классикалык өкүлүнүн пайда болушуна шарт түзүлдү. Мындан башка дагы бир өбөлгө деп Чыгыш элинин ичинде кыргыз эли сөздүн маанисине өзгөчө маани берип жана айткан сөзүн бекем тутуу башкы адамдык сапат деп, түшүнүү өтө маанилүү болуп «сөзүм өлгөнчө өзүнүн өлгөнүң артык көрүү» ата-бабанын салтына айланып калган. Сөздүн кадыр баркын жогору баалашкан. Ушундай тарыхый өбөлгөлөрдүн натыйжасында Чыңгыз Айтматов өзүнүн адабий эмгектеринде сөзгө турбаган өзү менен иши айырмаланган адамдардын образын чагылдыруу менен бирге адамдын табиятын жашоо максатын ички дүйнөсүн сүрөттөп тиричиликтин кымбаттыгын жана улуулугун чыгармаларында чагылдырган.

Орто кылым доору миң жыл (бешинчи кылымдан тартып он бешинчи кылымга чейин) теолог-философтор адамдын өзүндө биологиялык же социялдык б.а. Аристотелдин адам деген саясый айбан деген сөзүнүн тегерегинде адамда айбандык же адамдык касиеттердин кайсынысы күчтүү, турмушта кайсынысы жеңишке жетип турат деген идеяны талашып келишкен. Ушул идеяны Чыңгыз Айтматовдун адабий каармандарында көркөм каражаттар менен өтө мыкты сүрөттөлөт. Адамдык жана айбандык касиеттердин, мүнөздөрдүн болушу бул табияттык зарылдуулук болуп саналат. Себеби адамдын өзү биологиялык жандык болуу менен биргэле коомдошкон, социалдашкан жандык ушул маселе жазуучунун ар түркүн ойлорунун борбордук маселесин түзөт. Адам ар түркүн катастрофалардан, кокустуктардан өзүнүн акыл- эстүүлүгү, нравалык жана материалдык жактардан өркүндөгөнү, жетишкендиги учурду жакшы түшүнүшү менен, ата- бабадан калган салттарды баалуулуктарды кадырлап үйрөнүү аларды жүрүш-туруш эрежесине айландыруу менен адам өзүн-өзү коргоп сактап кала тургандыгы жазуучунун негизги мазмунун түзөт. Жазуучу эвдемонистик, гедонистик, утилетардык идеялардан алыс болуп, гумандуулук, адамгерчилик, кайрымдуулук, адеп ахлактык нраваларга жетишүү жана аларды турмушта колдоно билүү тарбиянын күчү жана мүмкүнчүлүгү боло тургандыгын өзүнүн чыгармаларында чагылдырат. Жазуучунун баардык чыгармаларында жалпы заттык баалуулуктарга жалпы тирүүлүктүн кызыкчылыктарына артыкчылык бергендиги үчүн анын чыгармалары жер шарындагы адамдар улутуна жер шартынын

айырмачылыгына, кулк мүнөзүнүн, саясатынын, экономикасынын бөтөндүгүнө карабастан Чынгыздын чыгармаларын жакшы кабыл алышкан. Өзгөчө жазуучунун “Кыямат” деген чыгармасы социалдык терс көрүнүштөргө коомчулуктун көңүлдөрүн бурдуруп, узак уйкуда жаткан коомду аң сезимин ойготуп жалпы рухий дүйнөнү жандандырды..». “Кыямат” чыгармасында Бостондун образы «Кылым карытар бир күн» дегенде Едигейдин, Жаныбарым Гүлсары дегенде Танабайдын образдары адамдын Адам алдындагы жооптуулугу, милдеттүүлүгү, парзы өтө бийик тургандыгына аябай ишендире алган. Алсак Казангаптын дүйнөдөн кайтышы Едигейдин далай ой катмарларына салып, өзүнүн ал адамдын алдындагы парзын аткаруу сөзсүз зарылдыгын түшүнгөн жөнөкөй эле адамдын улуулугун баяндаганы жана анын ата-тектери коюлган. Эне бейитке жеткирүү бир күн ичинде болсо да бир кылымдык мезгилди ээлегендиги менен хронотоптук феноменди түзгөндүгү менен кылдат жазуучу дүйнөлүк масштабтагы жазуучу экендиги ошондо эле далилденген. Жаратылыш менен коомдун ажырагыс бир бүтүн дүйнө боло тургандыгын Бостондун Акбаранын балдарына жана карышкырдын өзүнө жасаган мамилесинде чагылдырылат. Акбарага ок жаңылып тийгенде Бостон мифтик ата-тегин атып салгандай кабыл алат.Ушул идеяны чагылдырышы менен адамдардын улуу сапаты алардын өткөн доордун маданий мурастарын унута баштаса анда адамдарда айбандын мүнөздөрү күч алып, Адам коому кайра зоологиялык жалпылыкка өтүп бара тургандыгынын далили катарында караса болот. Адам коому жаратылышка жана макулуктарга оптималдуу мамиле жасоону үйрөнүшү экологиялык кырсыктардын болушун азайтат. Макулуктар дүйнөсү адамдар сыяктуу эле жер мейкиндигине ээ. Адам эстүү, колунан бардыгы келе турган күүчтүү болгондуктан бүткүл дүйнө адамзатынын бир эле жалпы үйү бар экендигин эч бир жан унутпашы керектигин жазуучу баардык чыгармаларында чагылдырат. Жазуучу келечектин тагдыры, жердин, адамдардын тагдыры алардын колунан келе турганына, писхологиялык аңдабастык сезимдерге таянат, жазуучунун бүткүл чыгармалары психологизм туюмдары менен берилет, ошондуктан окуганда андан ары эмне менен бүтөт деген ой ээлеп алат. Жаңы доордо үстөмдүү кылган метафизикалык материализм жаратылыштын байлыгы түгөнбөйт аны адамдар канча кааласа ошончолук пайдалана берсе болот деген идея бүгүнкү экологиялык кризистин баш сөзүн түзгөн. Бүгүнкү кырсыктар адамдын колу менен жасалган, себеби бүгүнкү күн эртеңки күндүн өбөлгөсүн түзөт.

Күн келечектин өбөлгөсү боло турганы баарыбызга белгилүү. Дүйнө бири-бири менен чиелешкен бир бүтүндүктү түзөт. Баардык нерселер жалпы байланышта жашайт да өзгөрүүдө, өнүгүүдө - өткөн чак жана учур чак келер чак куюлушуп отуруп, алардын ортосунан белгилүү бир закон ченемдүүлүк келип чыгат эмеспи. Чыңгыз Айтматдун чыгармаларынын олуттуу өзгөчөлүгү сүрөттөгөн окуялардын мейкиндикте жайланышы аябай бышып жетип, алардын аралыгы тегиздикте жыш орношу, ал эми убакыт аларды закымдап ээрчитип кетпестен, ошол мейкиндиктин ичинде калып хронотоптук феноменди жарата алгандыгында.

Дүйнөлүк адабияттын классиктеринин арасында хронотоптук феноменди чагылдырган жазуучулар Гете, Бальзак, Руссо, Бахтин биринчилерден болуп Ухтомский пайдаланган хронотоптук физикалык бирдикти социалдык гуманитардык илимдерге пайдаланган. Чыңгыз Айтматдун биз көрсөткөн чыгармаларында Бостон, Едигейдин образдарында жана жаныбарым Гүлсары деген чыгармасында хронотоптук феноменди пайдаланган. Чыңгыз Айтматов өзүнүн чыгармаларында келечекте боло турган, бирок күтүлбөгөн окуяларды сүрөттөйт. Ошол мезгилде болгон окуя азыркы учурда болуп жаткан жазуучунун алдын ала билгендиги менен даанышмандыгы, көз ачыктыгы адамдарды таң калтырат. Алсак Бостон Акбаранын экинчи тукуму жоголгондо карышкыр жер которуп кайда кеткени дайынсыз болгонун жерди адамдар куушуруп ойгулап аң-чөлгө айландырып, шаар куруп, жердин өзүн айбандардан талашып, алардын жашоо чөйрөсүн тарытып бара жатканын баяндаганынан бүгүнкү күндө жер талашкан адамдардын образы көзгө элестелет. Өзгөчө Акбара жердеген жерди өрттөп, ал жерден

Кен каза баштагандары материалдык өндүрүш өркүндөп өр алып бара жатканы темир, коргошундун запастарынын азайып жаткандыгын белгилейт. Чындыгында эле темирдин дүйнөлүк запасы 250 жылга, коргошун - 35, жез - 29 жылга гана жете тургандыгын кабарлап жатканына биз күбө болуп жатабыз. Ушундан улам өнүккөн мамлекеттер жер талашып бай ресурстарды ээлеп алууга даяр тургандыгы, ал эмес космостук космодромдун мейкиндикти жана асман кеңдигин ээлеп алышы келечекте сөзсүз эле дүйнөлүк алааматтын болушуна алып келгенди жок кылуу зарылдыгын эскертет. Жазуучу адамзат баласы ак ниет жаманчылыкка барбаган Аалам касиетин сактаган келечекти гумандуулук менен түшүнө билген Адам болууга үндөгөн даанышман жазуучу. Кыргыз баласы жана чыгыш элине таандык бир касиети өзүнүн чыгармасында чагылдырат, ал жаратылышка назик аяр мамилени, салтты андан ары улап жаратылыш менен коомдун ортосунда оптималдуу мамилелерди иштеп чыгуу зарылдыгын эскертет.